УДК: 2-754

# ОРТО ЖАНА ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТТЫН НЕГИЗИНДЕ ТҮЗҮЛГӨН ОКУУ ПЛАНДАРЫНЫН БАЙЛАНЫШЫ
# УЧЕБНЫЕ ПЛАНЫ ОСНОВАННЫЕ НА ГОСУДАРСТВЕННЫХ СТАНДАРТАХ О ВЫСШЕМ И СРЕДНЕМ СПЕЦИАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ
# THE RELATIONSHIP OF THE CURRICULUM IS MADE THE BASIS OF STATE STANDARDS IN SECONDARY AND HEIGHT SPECIAL EDUCATION.

***Токтополотова А. К. – окутуучу,***
***Кочкор-Ата колледжи, ayzadakg79@mail.ru***

*Аннотациялар: Кесиптик орто жана жогорку билим берүү базасында инсандын билимин тереңдетүүдөгү жана кеңейтүүдөгү муктаждыктарын канаттандыруу максатында бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоону жана кайра даярдоону камтыйт.*

*В целях повышения и расширения знаний учаүихся со средним специальным и высшим образованием начать подготовку студентов к поступлению в магистратуру и в бакалавриат.*

*In order to improve and expand the knowledge of pupils with specials secondary and height education to begin preparing student and masters and bachelor.*

- Кесиптик орто билим берүү программалары кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүүчү уюмдарына ишке ашырылат.

Ал эми мыйзамдын 22-статьясында:

- Тиешелүү багыттагы кесиптик орто билими бар адамдар, тездетилген программалар боюнча кесиптик жогорку билим алышы мүмкүн.

Жогорку билим берүү багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси, программаларды өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөттөрү, аларды ишке ашыруу тартиби мамлекеттик стандарттары менен аныкталат.

Жазылган пункттардын ар бирин талдап, талкуулап практика жүзүндө колдонсок, орто жана жогорку кесиптик билим берүүдө окуу жайлардын ортосундагы тыгыз байланыштын болуп жаткандыгын жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин аймактык билим берүүчү мекемелеринин (ЖАМУ АББМ) Кыргызстандагы орду мыйзамдын негизинде айкын экендигин аныктайт.

Бул мыйзамдын 22-статьясындагы 3-пунктун негизинде АББМдин орто кесиптик окуу жайларын – колледждерин бүткөн бүтүрүүчүлөр б.а. кесип ээлери багыты боюнча ЖАМУнун жогорку кесиптик билим берүүчү адистиктеринин 3-курсунан баштап кабыл алынып, академиялык айырмачылыктарын тапшыруу менен окуусун улантып жатышат.

Бирок бул статьяда тиешелүү багыттагы кесиптик орто билими бар кесип ээлери, тездетилген программалар боюнча кесиптик жогорку билим алышы мүмкүн – деп жазылган. Мына ушундай кыйынчылыктарды жана кемчиликтерди жоюу максатында төмөнкүдөй ой-пикирлердин зарылдыгы келип чыгат:

Рто кесиптик билим берүүчү окуу жайларын бүтүргөн бүтүрүүчүлөр, кесиптик жогорку билим алуу же өзүнүн кесиби бонча окуусун улантуу үчүн атайын тездетилген программаларды жана жоболорду мыйзамдын негизинде иштеп чыгарат;

Адистиктер боюнча окуу пландарын кайра иштеп чыгаруу менен аудиториялык сааттардын 60% пайызы практикалык, лабораториялык сабактарга бөлүштүрүлүп

өтүлүүдө. Орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө, билим сапатын баалоо практика жүзүндө жүргүзүлөт. Практика сабактары канчалык көп болсо, студенттердин билиминин тереңдиги ошончолук жогору болот. Биздин максат орто жана жогорку кесип ээлерин даярдап өндүрүштү кадрлар менен камсыз кылуу. Биздин окуу жайда нефти жана газды иштетүү багыты боюнча орто жана жогорку кесиптик билим берүү менен адистиктер даярдалат. Мына ушул адистик боюнча орто жана жогорку кесипке даярдоочу адистиктин ортосунда кандай байланыш бар экенин иликтеп көрөлү. Турмуш шартка жараша, азыркы замандын талабына ылайык Кочкор-Ата шаарында бирден-бир чоң ишкана болуп бул «Кыргызнефтегаз» ачык акционердик коому эсептеленет. Ал мекемеге татыктуу жана жетиштүү кадр даярдап чыгаруу менен бирге биз өтө тыгыз карым – катнашта иш алып барабыз. Бул адистик боюнча жылдан жылга тапшырган студенттердин саны көбөйүүдө. Анткени бул мекеме өзүн өзү каржылоосу жана келечеги кең экени жаштарды чоң үмүттөндүрөт. Ошол себептен бул нефти жана газ кендерин пайдалануу жана иштеп чыгуу адистиги боюнча биздин окуу жайда билим алып жаткан алдыңкы инсандарыбыз жетишээрлик. Бул кесип көп тармактуу жана келечеги кенен үчүн «нефти жана газ кендерин пайдалануу жана иштеп чыгуу» адистиги боюнча сиздерге маалымат берип, ошону менен бирге бир эле адистиктин орто жана жогорку баскычтарынын, мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу пландарынын байланыштарын карап, алардын ичинен атайын кесиптик предметтерге салыштырүү жактарын кароого болот. Биздин максат өндүрүштүк мекемеге кадрларды даярдап чыгаруу болгондуктан биринчи орунда кесипке үйрөтүү менен бирге өндүрүштүн экономикасын көтөрүү болуп эсептеленет. Ошондуктан мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу пландарын ар бир цикл боюнча, кредит сааттарды карап көрөйлүү.

Орто кесиптик адистиктер үчүн мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планы.

Гуманитардык социалдык жана экономикалык циклде 10 кредит саат берилген. Бул учурда 6 предмет окутулат. Мында лекция сабагына 6 кредит, практика сабагына 4 кредит берилген.

Математикалык жана табигый илимдер циклинде жалпы 8 саат кредит берилип, анын ичинен 4 кредит лекция, 4 кредит практикага берилген. Мында 3 предмет окутулат.

Профессионалдык циклде 75 кредит берилген анын ичинен 50 кредит лекция, 25 кредит практика. Мында 22 предмет бар.

Дене тарбиясы 3 кредит. Практика 3 кредит.

Жалпы окуу планында 96 кредит берилсе анын ичинде 60 кредит лекция, 36 кредит практикага берилген. Мында лекциянын сааты практикадан 2 эсе көптүк кылат. Кесиптик адистиктерге негизинен практика сааттары көбөйтүлүшү сунушталат. Анткени студент практикада көбүрөөк болуусу зарыл.

Жогорку кесиптик адистер үчүн мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планы.

Жогорку кесиптик адистиктер.

Гуманитардык социалдык жана экономикалык циклде 23 кредит саат, 10 предмет берилген.

Математика жана табигый илимдер циклинде 28 кредит берилген 8 предметке бөлүнгөн.

Профессионалдык цикли боюнча 51 кредит 20 предмет бар.

Адистештирүү цикли боюнча 16 кредит 8 предмет. Ошентип жогорку кесиптик адистик үчүн жалпы берилген кредит саат 118, ал эми 46 предмет берилет. Демек кесиптик адистиктерди даярдоодо жалпы окуу жүктөмү 96 кредит, 32 предмет ал эми жогорку кесиптик адистиктер үчүн 118 кредит, 46 предмет берилген. Орто кесиптик адистиктерде практикага көбүрөөк көңүл бурулат, жогорку кесиптик адистиктерге лекция көбүрөөк, практика азыраак берилет. Анткени алар теорияны көбүрөөк үйрөнүп практиканы өндүрүштөн үйрөнөт. Орто жана жогорку кесиптик адистиктер предметтерден жана кредит саатардан айырмаланышат, ал эми адистиги бир эле. Ошондуктан жогорку адистиктер инженер болуп диплом алышат. Орто кесип ээлери техник адистигине гана тиешелүү окуу жүктөмүн окуйт. Жогорку кесип ээлери инженер адистиги боюнча окуу жүктөмдөрүн окуйт. Орто кесиптин ээлерин даярдоодо практикалык жана видеослайддары көбөйтүү сунуш кылынат. Бул адистиктер үчүн көбүнчө лекциянын саатынан практиканын сааты эки эсе көбүрөөк болушу зарыл экендиги айтылат. Практикалык сааттарды өндүрүштө өткөрүү маселеси чындыгында финансылык проблемаларды жаратат. Андан сырткары студенттердин коопсуздуктарын жоопкерчиликти алуу жагы дагы чоң маселе болуп каралат. Ал эми жогорку кесиптик багытта карасак анда алар сырттан окуу формасында жүргүзүлөт да студенттердин көпчүлүк бөлүгү өндүрүштө кандайдыр бир тармак боюнча иш алып барышат. Алар чындыгында практикалык сааттарды өндүрүшөт. Ошондуктан жогорку кесип ээлерине лекция саатар көбүрөөк берилип практика азыраак, анткени алар теорияны окуп барып практиканы өндүрүштөн үйрөнүшөт. Нефти жана газ иштери боюнча даярдалган адистиктер жогорку же орто кесип ээлери болобу бул адистик боюнча билим алуу сапатын карасак алар өндүрүштө бирдей жоопкерчилике ээ. Ошондуктан практикага көп көңүл бурулуп жана саат жүктөмү лекциядан эки эсе көп берилиши сунушталат.

Студенттер үчүн окуу планындагы кээ бир кесибине тиешеси жок предметтер ашыкча болуп жатат. Студенттерге көп предметтерди окутуп, практикалык жактан көбүрөөк жардам бербей, алардын окууга болгон кызыгуусуна тоскоолдуктарды көп жаратып жатабыз.

Өнүккөн мамлекеттерде орто- кесиптик окуу жайларын (колледждеринин) окуу программаларында кесибине тиешелүү гана предметтер окутулат.

Ошондуктан биздин окуу жайларда кредиттик системага өтүү учурунда кесибине тиешелүү предметтерди окутуп, калган тиешеси жок предметтерди окутуунун зарылдыгы жок.

Демек жогорку жана орто кесиптик адистиктердин ортосунда мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу планында жогорку адистиктер үчүн окуу жүктөмдөрү гуманитардык, математикалык жана табигый илимдер жана профессионалдык цикл боюнча көбүрөөк экендиги анык. Ал эми орто кесиптик адистиктер үчүн кээ бир предметтердин саат жүктөмдөрү азайтылган жана практикага көбүрөөк бөлүнгөн, себеби жогорку кесиптик адистер инженер болуп чыгат ал эми орто кесиптик адистер техник болуп чыгат. Ошондуктан алардын ортосунда ыйгарылуучу квалификациясынын айырмасына карата предметтер, саат жүктөмдөрү берилген. Бул жогорудагы иликтөөлөр менен төмөнкүдөй жыйынтыктоого болот. Орто жана жогорку кесиптик адистиктер үчүн мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу жүктөмдөрүндө адистик байланышы бар.

Адабияттар:

1. Окуу пландары (Орто жана жогорку билим берүү программасы боюнча) «нефти жана газ кендерин пайдалануу жана иштеп чыгуу»

2. Билим берүү мыйзамы 2004. «Билим берүү мыйзвмы жөнүндө».
3. Лутошкин Г.С. «Сбор и подготовка нефти, газа и воды»

Рецензент: Тампагаров К.Б. – ф.-м.и.к., доцент